КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
МАНАС РАЙОНУ
СЕМЕТЕЙ АЙЫЛДЫК
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ
КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Семетей айыл аймагынын айылдык кенешинин 1-чакырылышынын 2-кезексиз сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №18**

**30-март 2026-жыл** **Семетей а.**

**Таштанды ташып чыгаруу үчүн жыйымдын ставкасын колдонууга киргизүү жана ставкасын белгилөө жөнүндө**

Салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодексинин 73,74,75-беренелерине, 76-беренесинин 2 жана 3-бөлүктөрүнө жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 31-декабрында №662 токтомунун калктуу конуштардын аймактарынан таштандыларды ташып чыгаруу үчүн жыйым боюнча эсептөөнү толтуруу жана берүү тартибинин 3-пунктуна ылайык, айылдык кеңеш **токтом кылат:**

**1.** Семетей айыл аймагынын аймагында таштанды чыгаруу үчүн жыйым ишке киргизилсин.

**2.** Семетей айыл аймагынын аймагында жеке жана юридикалык жактар-ишкердик иши үчүн төлөмдөр төмөнкүдөй бекитилсин.

- таштанды чыгаруу үчүн жыйымдын ставкасы ар бир иштеген кызматкерге жыл сайын 100) жүз сом өлчөмүндө.
- таштанды чыгаруу үчүн жыйымды эсептөө мөөнөтү жыл сайын 1-апрелге чейин
- таштанды чыгаруу үчүн жыйымды төлөө мөөнөтү жыл сайын 1-апрелге чейин.

**3.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Семетей айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Рыскуловго тапшырылсын.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>МАНАС РАЙОНУ<br>СЕМЕТЕЙ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ<br>КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Семетей айыл аймагынын айылдык кенешинин 1-чакырылышынын 2-кезексиз сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №19**

**30-март 2026-жыл** **Семетей а.**

**Жайылган айылындагы бала-бакча жөнүндө**

Жайылган айылындагы үч сааттык бала-бакчага ысым ыйгаруу жана толук кандуу бир күндүк бала-бакча кылып ачуу жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы К.Рыскуловдун кайрылуусун айылдык кеңеш угуп, талкуулап **токтом кылат:**

**1.** Жайылган айылындагы бала-бакчасы 2 (эки) тайпадан түзүлсүн, ар бир тайпада 25 (жыйырма беш) баладан бекитилсин, жалпысы 50 (элүү) бала менен толукталсын.

**2.** Жайылган айылындагы бала-бакчага “Алтын Уя” ысымы ыйгарылсын.

**3.** Манас райондук билим берүү башкармалыгынан штаттык бирдик суралсын

**4.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Семетей айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Рыскуловго тапшырылсын.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
МАНАС РАЙОНУ
СЕМЕТЕЙ АЙЫЛДЫК
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ
КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Семетей айыл аймагынын айылдык кенешинин 1-чакырылышынын 2-кезексиз сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №20**

**30-март 2026-жыл** **Семетей а.**

**Жайыттарды пайдалануу боюнча планын бекитүү жөнүндө**

Семетей айыл өкмөтүнүн муниципалдык ишканасынын жетекчиси К.Узенбековдун 2026-жылга карата жайыттарды пайдалануу боюнча планын бекитүү жөнүндөгү кайрылуусун угуп, талкуулап айылдык кеңеш **токтом кылат:**

**1.** Семетей айыл өкмөтүнүн 2026-жылга карата жайыттарды пайдалануу боюнча планы тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Иш алып баруу жагы Семетей айыл өкмөтүнүн муниципалдык ишканасына милдеттендирилсин.

**3.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Р.Рыскуловго тапшырылсын.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

**БЕКИТИЛГЕН**
Талас облусунун
Манас районуна караштуу
Семетей айыл аймагынын
жергиликтүү кеңешинин
депутаттарынын __II__
сессиясында __№20 токтому__
2026-жылдын
"__30__" __март__
__Б. Джанаркулов__

**ЖАЙЫТТАРДЫ АР ЖЫЛДЫК ПАЙДАЛАНУУ БОЮНЧА ПЛАНЫ**
**2026-ЖЫЛГА КАРАТА**

**2026-жыл Семетей айылы**

## 1.Айыл өкмөттүн социалдык экономикалык характеристикасы

| № | Көрсөткүчтөр | Единица | Жалпы |
|---|---|---|---|
| 1 | Элдин саны | Киши | 16649 |
| 2 | эркек | | 8417 |
| | аял | | 8232 |
| 3 | Кожолуктун саны | Короо | 3668 |
| 4 | Айыл өкмөттүн жалпы аянты, | га | 64745,9 |
| 5 | Жалпы жайыт аянты | га | 29500 |
| 6 | Токой чарбадан пайдаланган жайыт | га | |
| 7 | Узак мөөнөттүү пайдалануудагы жайыт | га | 3500 |
| 8 | Кой, эчки | баш | 23538 |
| 9 | Жылкы | баш | 1575 |
| 10 | Төө | баш | 0 |
| 11 | ИИМ | баш | 2035 |
| 12 | Топоз | баш | 0 |
| 13 | Жалпы шарттуу баш | баш | 27148 |

2. **Айыл өкмөттүн иштөө графиги**

| № | | Иш-Чаралар | Айлар | | | | | | | | | | | | жооптуулар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | |
| 1 | | Жергиликтүү коомдоштуктун чогулушу | | | | | | | | | | | | | Айыл өкмөтү, |
| 2 | | а/а малын саноо | | | | | | | | | | | | | Айыл өкмөтү, муниципалдык ишканалар |
| 3 | | Жана башка иш чаралар | | | | | | | | | | | | | Айыл өкмөтү, муниципалдык ишканалар |
| 4 | | | | | | | | | | | | | | | |

3. **Жайыт пайдалануу сезону**

| № | Сезондор | Мал жаюу/колдо багуу мөөнөттөрү | Күндүн саны | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| | Жазгы | 01,04,-31.05. | 61 | Жаз мезгилинен кеч күзгө чейин мал жайытта багылат |
| | Жайкы | 01.06.-31.08. | 92 | |
| | Күзгү | 01.09.-15.11. | 76 | |
| | Кышкы | 16.11.-31.03. | 136 | Кыш мезгилинде мал адатта короодо багылат |

## Жайыттарды пайдалануунун учурдагы жана пландалган системасы.

| **№** | **Участкалардын аталышы** | **Жалпы аянты (га)** | **Планга чейин (факт)** | | | **Пландан кийин** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | **Жайыттын сыйымдуулугу ШМБ сезонго** | **Жайылуучу мал** | | **Жайыттын сыйымдуулугу ШМБ сезонго** | **Жайылуучу мал** | |
| | | | | **ШМБ** | **Жүк %** | | **ШМБ** | **Жүк %** |
| Жаз. Жайыт мезгили | | | 61 күн (01.04-31.05) | | | 46 күн (16.04-31.05) | | |
| 1 | Кырк-казык | 6000 | 4000 | 3500 | 80% | 3500 | 3500 | 80% |
| 2 | Узун-булак | 5000 | 1500 | 1500 | 65% | 1500 | 1500 | 65% |
| Жай. Жайыт мезгили | | | 92 күн (01.06-31.08) | | | 92 күн (01.06-31.08) | | |
| 3 | Суусамыр | 3500 | 1048 | 1064 | 102% | 1048 | 1064 | 102% |
| 4 | Ой-жайлоо | 7000 | 417 | 398 | 98% | 417 | 398 | 98% |
| Күз. Жайыт мезгили | | | 76 күн (01.09-15.11) | | | 76 күн (01.09-15.11) | | |
| 5 | Ак-терек | 2000 | 170 | 160 | 90% | 170 | 160 | 90% |
| 6 | Кара - жыгач | 2000 | 375 | 350 | 89% | 375 | 350 | 89% |
| Кыш. Жайыт мезгили | | | 136 күн (16.11-31.03) | | | 151 күн (16.11-15.04 | | |
| 7 | Жайылган | 1000 | 190 | 135 | 78% | 190 | 135 | 78% |
| 8 | Бала-саруу | 500 | 145 | 130 | 90% | 145 | 130 | 90% |
| 9 | Арал, Чече-добо | 1500 | 190 | 135 | 78% | 190 | 135 | 78% |
| 10 | Кайынды | 1000 | 145 | 130 | 90% | 145 | 130 | 90% |
| | | | | | | | | |

**БЮДЖЕТ.**

**4. Жайыттарды мал жаюу жана башка максаттарда пайдалануунун жыйымдары**

| **Жайыттарга мал жайып пайдалангандык үчүн жыйым** | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **№** | **Малдын түрү** | **Саны** | **1 башка, жайыт пайдалангандык үчүн жыйым** | **Жылга, төлөмдүн жалпы суммасы** |
| 1. | ИММ | 2035 | 75 | 152625 |
| 2. | Жылкы | 1575 | 75 | 118125 |
| 3. | Кой-эчки | 23538 | 15 | 353070 |
| | **Баардыгы** | | | **623820** |
| | | | | |
| **Жайыттарды башка максаттарда пайдалангандык үчүн жыйым** | | | | |
| | **Түрү** | **Аянты, га** | **Жыйым, сом/га** | **Жылга, жалпы суммасы** |
| 1 | Аңчылык | 0 | | 0 |
| 2 | Чөп чабынды | 0 | | 0 |
| 3 | Карьер | 0 | | 0 |
| 4 | Жалпы кендер (кен казуу ж.б.) | 0 | | 0 |
| 5 | Туризм | | | 25000 |
| 6 | Атайын техника | | | 0 |
| 7 | Балык чарба | | | 0 |
| 8 | Дары чөп терүү | 0 | | 0 |
| 9 | Антена (Нур-Телеком, Терра компания) | 2 | | 168000 |
| | | | | **193000** |
| | **Баардыгы:** | **Жалпы сумма:** | | **816820сом.** |

| Көрсөткүчтөр | | Финансы булак. Сом. | | | Баардык сумма.сом. | Анын ичинде квартал боюнча | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Башка долборлор | Демөөрчүлөр. | Жергиликтүү Бюджет. | | I | II | III | IV |
| **Максаттуу чыгымдар** | | | | | | | | | |
| **Жолдорду реабилитациалоо узундугу 15км** | Участоктун аттары. | 0 | 0 | 150000 | 150000 | | 75000 | 75000 | |
| **Өтмо көпүрөлөрдү орнотуу 2 даана** | | | | 26000 | 26000 | 13000 | 13000 | 0 | 0 |
| **Айыл чарба малдарын мобилдик жасалма жол менен уруктандырууну уюштуруу** | | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| **Жайыттын абалына МиБ жүргүзүү** | | 0 | 0 | 15000 | 15000 | 5000 | 5000 | 5000 | 0 |
| **Жиргиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын адис** | | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| **Конур жайлоосуна жайыт үрөөнүн себүү. 5 га.** | | | | 20000 | 20000 | 0 | 0 | 0 | 20000 |
| **Токой чарбасын жайтын мал жайуга ижарага алуу** | | | | 122662 | 122662 | | 61331 | 61331 | |
| **Баары** | | 0 | 0 | **333662** | 333662 | 18000 | 154331 | 141331 | 20000 |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Админстративдик чыгымдар** | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |
| **Баардыгы** | | | | | | | | |
| **Жайыт боюнча адисти кармоо** | | | | | | | | |
| **Эмгек акы (жайыт адиси- 1*21894)*12ай 262728 сом** | 0 | 0 | 262728 | 262728 | 65682 | 65682 | 65682 | 65682 |
| **Соц фонд. (262728*17,25%=45320,58** | 0 | 0 | 45320,58 | 45320,58 | 11330,145 | 11330,145 | 11330,45 | 11330,145 |
| **Сапар чыгымдары** | 0 | 0 | 50000 | 0 | 25000 | 25000 | 0 | 0 |
| **Атайын техникаларды кармоого** | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| **Канц товары** | 0 | 0 | 10000 | 10000 | 2500 | 2500 | 2500 | 2500 |
| **Башка чыгымдар** | 0 | 0 | 115109,42 | 115109,42 | 0 | 57554,71 | | 57554,71 |
| **Баардыгы** | 0 | **0** | **816820** | **816820** | **122512,145** | **316397,855** | **220843,45** | **157066,845** |
| **Баардык жыйымдардын жыйынтыгы** | 0 | **816820** | **816820** | **816820** | **122512,145** | **316397,855** | **220843,45** | **157066,845** |

11. **Киреше бөлүгү**

| № п/п | Көрсөткүчтөр | Суммасы, сом | Квартал боюнча пландык кирешелер | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | I | II | III | IV |
| 1. | Жайытты мал жаюу максатында пайдалануудан түшкөн кирешелер (_______ШМБ_______сом) | 623820 | 155955 | 155955 | 155955 | 155955 |
| 2. | Жайытты башка максаттарда пайдалануудан түшкөн кирешелер (____га______сом) | 193000 | 48250 | 48250 | 48250 | 48250 |
| | **Баары** | **816820** | **204205** | **204205** | **204205** | **204205** |
| | Башкалар/долбоорлор | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| | Башка демөөрчүлөр (АО, элдик салым, ж.б.) | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| | Каржы резервдик фонду (КРФ) | | | | | |
| | **Баары** | | | | | |
| | **Жалпы кирешелер** | **816820** | **204205** | **204205** | **204205** | **204205** |

## 12.ЖАЙЫТТАРДЫ ПАЙДАЛАНУУ РЕЖИМИ ЖАНА БУЗУУ ҮЧҮН ЖООПКЕРЧИЛИК

### 1.Ички эрежелери

- **Мал жаюу мөөнөттөрү**
  - Жайыт сезону 2026 жылдын1-апрельден башталат (күнү жана айы) 9 алыскы жайыт.
  - Жайыт сезону 2026жылдын 30-ноябрдан аяктайт.
  - Жайлоолорго көчүрүү 2026жылдын 31-майдан 10-июнга чейин .
  - Жайлоолордон көчүп келүү 31-августан дан 1-ноябрга чейин.
  - 1-апрельден 31-авгуска чейин жакынкы жайыттар эс алууга калтырылат
- **Жайыт сезонунда колго алып калуугу уруксат берилген малдын саны:**ИММ–350 ат –150; кой, эчки – 500;
- **Жайыт акы төлөөнүн мөөнөттөрү**

  **Жайыт билети үчүн:**

  50% - 15-апрелден кечиктирилбестен;

  50% - 1-ноябрдан кечиктирилбестен;

  **Жайытты башка максатка пайдаланган учурда:**

  **Эс алууну жана туризмди уюштургандар үчүн -**

  50% - келишим түзүлөөрү менен;

  50% - келишим түзүлгөндөн 3 ай аралыгында;

  Жайыттарды башка максаттарга пайдалануу үчүн жыйым 100% төлөнөт.
- **Жайыт билетинде көрсөтүлгөн малдын саны мал санактын маалыматтарына дал келиши керек;**
- **Малчылар жайыт билетинде көрсөтүлгөн гана участокторго мал жаюга милдеттүү;**

  Баардык жайыт пайдалануучулар, жайытты пайдалануунун жогоруда көрсөтүлгөн режимдерин аткарууга милдеттүү.

  Жогорудагы жайыт режимин бузгандар Кыргыз Республикасынын учурдагы мыйзамдарынын негизинде жоопко тартылышат.

### 2.Мал жаюу эрежелерин бузгандыгы үчүн жоопкерчилик

**Малдары айдоо аянттарына кирген жаныбарлардын ээлерине төмөнкүдөй жаза чаралар колдонулат:**

- Эгерде 2026-ж.01.03 (күнү жана айы) баштап 2026-ж. 01.11чейин айдоо аянттарына кирген малдарга эскертүү

- Эгерде мал жандыктар айдоо аянтына кийин кирсе: ИММ үчүн 1 жолу айып пул 2000 сом, ал эми анда болбой мал жандыктар айдоо аянттарына түшө берсе анда чыгымды төлөө менен жана иш аксакалдар сотуна өткөрүлөт, аксакалдар соту айып пулдун көлөмүн белгилешет

-Эгерде мыйзам бузуу экинчи жолу кайталанса, төлөмдүн суммасы эки эсеге көбөйөт. Алар мыйзамга ылайык айып пулду төлөөдөн баш тарткандыгы үчүн жоопкерчилик тартышат.

- Айылдык кеңеш жергиликтүү тургундардын малын баккан чабандарга төмөнкүдөй төлөмдү белгилейт:
1 баш ИММга айына 1000 сом, кой-эчкиге 1 башка айына 200сом.
- Ар бир жалданма чабан менен 3 тараптуу келишим түзүлөт (АӨ, жайыт пайдалануучу жана чабан). Чабандар тарабынан малдын акысын өзүм билемдик менен көтөргөндүгү үчүн Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине ылайык жоопкерчиликке тартылат.
Малды каттоого көрсөтпөсө жана башка жактан келген мал эсепке кирбесе эки эсе жайыт акы төлөйт. Ошондой эле жайыт билет албай келишим түзбөй, жайытты пайдалагандыгы үчүн укук бузуулардагы колдоонучу штрафтан сырткары ар бир башка эки эсе жайыт акы төлөнөт.

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Макулдашылды** | **Макулдашылды** | **Макулдашылды** | **Макулдашылды** |
| **МП “Семетей”** | **Айл өкмөтүнүн башчысы** | **ВМЧЖТ РК башчысы** | **РАӨБ башчысы** |
| **Манас району** | **Манас району** | **Манас району** | **Манас району** |
| **Колу Усенбеков К. К** | **Колу Рыскулов К. Р.** | **Колу Ахметов А.А.** | **Колу Маткеримов А.Ч.** |

| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>МАНАС РАЙОНУ<br>СЕМЕТЕЙ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ<br>КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

**Семетей айыл аймагынын айылдык кенешинин 1-чакырылышынын 3-кезексиз сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №21**

**3-июнь 2026-жыл** **Семетей а.**

**«Жер аянтын муниципиалдык менчике алуу жөнүндө»**

Семетей айыл өкмөтүнүн Семетей айылындагы М.Кояшев көчөсүндөгү 6-03-04-1001-1085 коду менен катталган 24877,5 кв.м жер аянтын муниципиалдык менчике алуу тууралуу кайрылуусун карап, Манас районунун прокуратурасынын 2026-жылдын 18-майындагы номер 26/167.07.11/1-00352 номерлүү каршылык билдирүүсүндө көрсөтүлгөн Покровка айыл өкмөтүнүн 2004-жылдын 07-майындагы №360 токтомун жокко чыгаруу тууралуу талабын аткаруу максатында Кыргыз Республикасынын жер кодексинин 21-беренесинин "Жер мамилелерин жөнгө салуу чөйрөсүндө жергиликтүү кеңештердин компетенциясына" ылайык, Семетей айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

**1.** Манас районунун прокуратурасынын 2026-жылдын 18-майындагы номер 26/167.07.11/1-00352 номерлүү каршылык билдирүүсүнүн негизинде, Покровка айыл өкмөтүнүн 2004-жылдын 07-майындагы №360 токтому жокко чыгарылсын.

**2.** Семетей айыл өкмөтүнүн Семетей айылындагы М.Кояшев көчөсүндөгү 6-03-04-1001-1085 коду менен катталган 24877,5 кв.м жер аянтын Семетей айыл өкмөтүнүн муниципиалдык менчигине алынсын.

**3.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Р.Рыскуловго тапшырылсын.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>МАНАС РАЙОНУ<br>СЕМЕТЕЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ<br>КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Семетей айыл аймагынын айылдык кенешинин 1-чакырылышынын 4-кезексиз сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №22**

**11-июнь 2026-жыл** **Семетей а.**

**Укук бузуулардын алдын алуунун негиздери жөнүндө**

Манас райондук ички иштер бөлүмүнүн башчысы Ж.А.Токторбаевдин 2026-жылдын 17-апрелиндеги 26-17/1154 чыгыш сандуу катты карап чыгып, Кыргыз Республикасынын “Укук бузуулардын алдын алуунун негиздери жөнүндө” жана “Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө” мыйзамдарына ылайык, Семетей айылдык кеңеш **токтом кылат:**

1. Семетей айыл аймагында мектептерге жакын жайгашкан соода түйүндөрүндө тамеки жана алкоголдук ичимдиктерди сатууга тыюу салынсын.
2. Семетей айыл аймагындагы коомдук жайларда тамеки, электрондук тамеки чегүүгө жана спирт ичимдиктерин ичүүгө тыюу салынсын.
3. Тамеки чегүүгө уруксат берилген атайын бөлүнгөн жайлар белгиленсин.
4. Бөлүнгөн жайлардын жайгашкан жерлерине тиешелүү тыюу салуунучу жана уруксат берүүчү табличкалар, ошондой эле көрсөтмө белгилер орнотулсун .
5. Бул токтомдун аткарылышы Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Р.Рыскуловго жүктөлсүн.
6. Токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
МАНАС РАЙОНУ
СЕМЕТЕЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ
КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Семетей айыл аймагынын айылдык кенешинин 1-чакырылышынын 4-кезексиз сессиясынын токтому**

# ТОКТОМ №23

**11-июнь 2026-жыл** **Семетей а.**

**Кара-Арча айылына бала-бакча ачуу жөнүндө**

Кара-Арча айылындагы жаңы салынып жаткан бала-бакчасына ысым ыйгаруу жана штаттык бирдигин бекитүү жөнүндөгү Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Рыскуловдун кайрылуусун айылдык кеңеш угуп, талкуулап **токтом кылат:**

**1.** Семетей айыл аймагына караштуу Кара-Арча айылындагы муниципалдык жаңы салынып жаткан бала-бакчага "Кара-Арча Балаты" ысымы ыйгарылсын.

**2.** Кара-Арча айылындагы бала-бакчасы 2 (эки) тайпадан түзүлсүн, ар бир тайпада 25 (жыйырма беш) баладан бекитилип, жалпысы 50 (элүү) бала менен толукталсын.

**3.** Манас райондук билим берүү башкармалыгынан штаттык бирдик суралсын.

**4.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Семетей айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Рыскуловго тапшырылсын.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>МАНАС РАЙОНУ<br>СЕМЕТЕЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ<br>КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

**Семетей айыл аймагынын айылдык кенешинин 1-чакырылышынын 4-кезексиз сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №24**

**11-июнь 2026-жыл** **Семетей а.**

**Бала-Саруу айылына бала-бакча ачуу жөнүндө**

Бала-Саруу айылындагы жаңы салынып жаткан бала-бакчасына ысым ыйгаруу жана штаттык бирдигин бекитүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы К.Рыскуловдун кайрылуусун айылдык кеңеш угуп, талкуулап **токтом кылат:**

1. Семетей айыл аймагына караштуу Бала-Саруу айылындагы муниципалдык жаңы салынып жаткан бала-бакчага "Бала-Саруу Алтын балалык" ысымы ыйгарылсын.

**2.** Бала-Саруу айылындагы бала-бакчасы 2 (эки) тайпадан түзүлсүн, ар бир тайпада 25 (жыйырма беш) баладан бекитилсин, жалпысы 50 (элүү) бала менен толукталсын.

**3.** Манас райондук билим берүү башкармалыгынан штаттык бирдик суралсын.

**4.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Семетей айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Рыскуловго тапшырылсын.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
МАНАС РАЙОНУ
СЕМЕТЕЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ
КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Семетей айыл аймагынын айылдык кенешинин 1-чакырылышынын 4-кезексиз сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №25**

**11-июнь 2026-жыл** **Семетей а.**

**Мамлекеттик лизинг компаниясы ачык акционердик коому аркылуу лизинг жолу менен автогрейдер сатып алуу жөнүндө**

Мамлекеттик лизинг компаниясы ачык акционердик коому аркылуу лизинг жолу менен автогрейдер сатып алуу жөнүндөгү Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Рыскуловдун кайрылуусун айылдык кенеш угуп, талкуулап Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин негизинде, **токтом кылат:**

**1.** Финансы ижара (лизинг) келишиминин негизинде "Мамлекеттик лизинг компаниясы" ачык акционердик коому аркылуу автогрейдер алууга макулдук берилсин.

**2.** Өздүк салым жергиликтүү бюджеттин эсебинен камсыздалып берилсин.

**3.** Өздүк салымдан тышкары, лизинг жолу менен алынган техниканы жол-жоболоштуруу, каттоо, лизингдин бүткүл мөөнөтүнө камсыздандыруу жана башка чыгашалар айыл өкмөтүнүн өз эсебинен каржылансын.

**4.** "Мамлекеттик лизинг компаниясы" ачык акционердик коому менен лизинг келишимине жана ага байланыштуу документтерге кол коюу укугу айыл өкмөтүнүн башчысына ыйгарылсын.

**5.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Семетей айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Рыскуловго тапшырылсын.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
МАНАС РАЙОНУ
СЕМЕТЕЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ
КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Семетей айыл аймагынын айылдык кенешинин 1-чакырылышынын 4-кезексиз сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №26**

**11-июнь 2026-жыл** **Семетей а.**

**Жер тилкеси жөнүндө**

Семетей айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 11-июнундагы кайрылуусунда көрсөтүлгөн, Семетей айылындагы М.Кояшев көчөсүндөгү 6-03-04-1001-1085 коду менен муниципиалдык менчикте катталган жер аянтынын ичинен 8000,0 кв.м жер аянты Манас райондук аскер комиссариатына өткөрүп берүү боюнча кайрылуусун карап, Кыргыз Республикасынын жер кодексинин 21-беренесинин "Жер мамилелерин жөнгө салуу чөйрөсүндө жергиликтүү кеңештердин компетенциясына" ылайык, Семетей айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

**1.** Семетей айылындагы М.Кояшев көчөсүндөгү 6-03-04-1001-1085 коду менен муниципиалдык менчикте катталган жер аянттын ичинен 8000,0 кв.м жер аянты Манас райондук аскер комиссариатына өткөрүлүп берилсин.

**2.** Жогорудагы жердин максатуу пайдаланылышын көзөмөлдөө жагы Семетей айыл өкмөтүнө тапшырылсын.

**3.** Токтомдун көзөмөлдөө жагы Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Р.Рыскуловго тапшырылсын.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>МАНАС РАЙОНУ<br>СЕМЕТЕЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ<br>КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Семетей айыл аймагынын айылдык кенешинин 1-чакырылышынын 4-кезексиз сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №27**

**11-июнь 2026-жыл** **Семетей а.**

**Жер аянтын ижарага берүү жөнүндө**

Семетей айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 11-июнундагы кайрылуусунда көрсөтүлгөн, Семетей айылындагы Улизко көчөсүндөгү 6-03-04-1001-2141 коду менен катталган жер аянтын жанаша бош жаткан 500,0 кв.м жер аянты Жумагулов Таласбек Айылчиевичке "Авто Газ станциясын" орнотуу боюнча ижарага жер берүү боюнча кайрылуусун карап, Кыргыз Республикасынын жер кодексинин 21-беренесинин "Жер мамилелерин жөнгө салуу чөйрөсүндө жергиликтүү кеңештердин компетенциясына" ылайык Семетей айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

**1.** Семетей айылындагы Улизко көчөсүндөгү 6-03-04-1001-2141 коду менен катталган жер аянтын жанаша бош жаткан 500,0 кв.м жер аянты Жумагулов Таласбек Айылчиевичке "Авто Газ станциясын" орнотуп иштетүү үчүн жылына 20000 (жыйырма мин) сом ижара төлөө менен 5-жылдык мөөнөткө ижарага берилсин.

**2.** Жогорудагы жердин максатуу пайдаланылышын көзөмөлдөө жагы Семетей айыл өкмөтүнө тапшырылсын.

**3.** Токтомдун көзөмөлдөө жагы Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Р.Рыскуловго тапшырылсын.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
МАНАС РАЙОНУ
СЕМЕТЕЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ
КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Семетей айыл аймагынын айылдык кенешинин 1-чакырылышынын 4-кезексиз сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №28**

**11-июнь 2026-жыл** **Семетей а.**

**Жер аянтын ижарага берүү жөнүндө**

Семетей айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 11-июнундагы кайрылуусунда көрсөтүлгөн, Семетей айыл аймагына караштуу №495 контурунан Батырбеков Улан Табалдиевичке жашап жаткан сарайынын жанынан чарбалык иштерине колдонуу боюнча ижарага **5000,0 кв.м** жер берүү боюнча кайрылуусун карап, талкуулап, Кыргыз Республикасынын жер кодексинин 21-беренесинин “Жер мамилелерин жөнгө салуу чөйрөсүндө жергиликтүү кенештердин компетенциясына” ылайык, Семетей айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

**1.** Семетей айылынын жашоочусу Батырбеков Улан Табалдиевичке Семетей айыл аймагына караштуу №495 контурунан чарчабачылык иш алып баруу үчүн жылына 15000 (он беш мин) сом ижара төлөө менен 5-жылдык мөөнөткө ижарага берилсин.

**2.** Жогорудагы жердин максатуу пайдаланылышын көзөмөлдөө жагы Семетей айыл өкмөтүнө тапшырылсын.

**3.** Токтомдун көзөмөлдөө жагы Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Р.Рыскуловго тапшырылсын.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
МАНАС РАЙОНУ
СЕМЕТЕЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ
КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Семетей айыл аймагынын айылдык кенешинин 1-чакырылышынын 4-кезексиз сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №29**

**11-июнь 2026-жыл** **Семетей а.**

**Ардактуу атуул наамын ыйгаруу жөнүндө**

Семетей айыл аймагынын ардактуу атуулу наамын ыйгаруу жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы К.Рыскуловдун сунуштамасын айылдык кеңеш угуп, талкуулап **токтом кылат:**

**1.** Айыл өкмөтүндө үзүрлүү көп жылдык эмгектерин жана аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кошкон зор салымдары үчүн Субанбекова Анаркан, Едилбаева Алима Райхановна, Мызаев Маделкан Ашимович, Усубалиев Айдарбек Дооронбекович, Бердикеев Анарбек Акбаралиевич, Шукуралиева Сайрабубу Абакировнага Семетей айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” наамы ыйгарылсын.

**2.** Социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы З.Шабданбекова “Ардактуу атуул” жазуу лентасы, төш белгиси жана күбөлүгүн даярдоо жагы милдеттендирилсин.

**3.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Р.Рыскуловго тапшырылсын.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
МАНАС РАЙОНУ
СЕМЕТЕЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ
КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Семетей айыл аймагынын айылдык кенешинин 1-чакырылышынын 4-кезексиз сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №30**

**11-июнь 2026-жыл** **Семетей а.**

**Күрөш залга ысым ыйгаруу жөнүндө**

Семетей айылынын М.Кояшев көчөсүнүн батыш жагындагы административдик имарат, күрөш залына ысым ыйгаруу жөнүндө Т.Мазиевдин карылуусун угуп, талкуулап айылдык кеңеш **токтом кылат:**

**1**. Т.Мазиевдин кайрылуусу канааттандырылсын

**2.** Семетей айылынын М.Кояшев көчөсүнүн батыш жагындагы административдик имарат, күрөш залына “Джапаркулов Турусбек” ысымы ыйгарылсын.

**3.** “Джапаркулов Турусбек атындагы күрөш залы” деп аталсын.

**4.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Р.Рыскуловго тапшырылсын.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**МАНАС РАЙОНУ**
**СЕМЕТЕЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ**
**КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Семетей айыл аймагынын айылдык кенешинин 1-чакырылышынын 4-кезексиз сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №31**

**11-июнь 2026-жыл** **Семетей а.**

**Кирпич алуу боюнча**

Жайылган айылынын Ниматов 24 үйүнүн тургуну аз камсыз үй-бүлө Кадыржан кызы Ырысалятка жардам катары 10 000 даана кирпич алып берүү жөнүндөгү Семетей айылдык кеңешинин депутаты У.Джаназакованын оозеки кайрылуусун угуп, талкуулап айылдык кеңеш **токтом кылат:**

**1**. У.Джаназакованын кайрылуусу канааттандырылсын.

**2.** Жайылган айылынын Ниматов 24 үйүнүн тургуну аз камсыз үй-бүлө Кадыржан кызы Ырысалятка жардам катары 10 000 даана кирпич алып берүү үчүн жергиликтүү бюджеттин эсебинен 100 000 сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

**3.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Р.Рыскуловго тапшырылсын.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
МАНАС РАЙОНУ
СЕМЕТЕЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ
КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Семетей айыл аймагынын айылдык кенешинин 1-чакырылышынын 4-кезексиз сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №32**

**11-июнь 2026-жыл** **Семетей а.**

**“Бакыт” балдар бакчасына ашкана**
**жабдыктарын алуу жөнүндө**

Семетей айылындагы №5 “Бакыт” балдар бакчасынын директору Р.Асанованын ашкананын жабдыктары менен камсыз кылуу жөнүндөгү кайрылуусун угуп, талкуулап айылдык кенеш **токтом кылат:**

1. №5 “Бакыт” балдар бакчасына ашкананын жабдыктары менен камсыз кылуу үчүн 488 000 (төрт жүз сексен сегиз миң) сом акча каражаты жергиликтүү бюджеттин эсебинен бөлүнүп берилсин.

**2.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Р.Рыскуловго тапшырылсын.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
МАНАС РАЙОНУ
СЕМЕТЕЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ
КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Семетей айыл аймагынын айылдык кенешинин 1-чакырылышынын 4-кезексиз сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №33**

**11-июнь 2026-жыл** **Семетей а.**

**“Бакыт” балдар бакчасын капиталдык ондоп-түзөөдөн өткөрүү жөнүндө**

Семетей айылындагы №5 “Бакыт” балдар бакчасынын ашканасын толук ондоп-түзөөдөн өткөрүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы К.Рыскуловдун кайрылуусун угуп, талкуулап айылдык кеңеш **токтом кылат:**

**1**. №5 “Бакыт” балдар бакчасынын ашканасын толук ондоп-түзөөдөн өткөрүү үчүн жергиликтүү бюджеттин эсебинен 1 117 376 (бир миллион жүз он жети мин үч жүз жетимиш алты) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

**2.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Р.Рыскуловго тапшырылсын.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
МАНАС РАЙОНУ
СЕМЕТЕЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ
КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Семетей айыл аймагынын айылдык кенешинин 1-чакырылышынын 4-кезексиз сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №34**

**11-июнь 2026-жыл** **Семетей а.**

**Семетей айылындагы күрөш зал жонүндө**

Семетей айылынын М.Кояшев көчөсүнүн күн батыш тарабында жайгашкан административдик имарат күрөш залына уктоочу жайды жана очоккана куруу боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы К.Рыскуловдун кайрылуусун угуп, талкуулап айылдык кенеш **токтом кылат:**

**1**. Семетей айылынын М.Кояшев көчөсүнүн күн батыш тарабында жайгашкан административдик имарат күрөш залына уктоочу жайды жана очоккана куруу боюнча жергиликтүү бюджеттин эсебинен 1 100 000 (бир миллион бир жүз) миң сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

**2.** Иш алып баруу жагы Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Р.Рыскуловго милдеттендирилсин.

**3**. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

| | | |
|---|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>МАНАС РАЙОНУ<br>СЕМЕТЕЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ<br>КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

**Семетей айыл аймагынын айылдык кенешинин 1-чакырылышынын 5-кезектеги сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №35**

**18-август 2026-жыл** **Семетей а.**

**Семетей айыл өкмөт башчысынын жарым жылдык отчёту жөнүндө**

Семетей айыл өкмөт башчысынын жарым жылдык отчёту жөнүндө маалыматын угуп, талкуулап айылдык кеңеш **токтом кылат:**

1. Семетей айыл өкмөт башчысынын (К.Рыскулов) 2026-жылдын жарым жылдык отчёту канааттандырарлык деп белгиленсин.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**МАНАС РАЙОНУ**<br>**СЕМЕТЕЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ**<br>**КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Семетей айыл аймагынын айылдык кенешинин 1-чакырылышынын 5-кезектеги сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №36**

**18-август 2026-жыл** **Семетей а.**

**“ Бөлүмдү жылдырып берүү жөнүндө ”**

Семетей айыл өкмөтү Дүйнөлүк көчмөндөр оюундарына жана Эгемендүүлүктүн 35 жылдыгына карата маарекесине жана Муниципиалдык ишканага оор жүк жүктөөчү унаасына тетиктерин алып берүүгө бөлүмдөрдү жылдыруу үчүн айылдык кеңеш **токтом кылат:**

**1.** 2026-жылга аппарат бөлүмүнөн каралган турак жай имараттары жана жайларынан 1700,0 миң сомду, Башка социалдык жөлөк пул жана төлөөлөр бөлүмүнөн 200,0 миң сом жана мектептен мүлктү учурда ондоого кеткен чыгымдардан 200,0 миң сом жылдырылып берилсин.

Аппарат 70111 бөлүмүнөн 3111 беренесинен - 1700,0 миң сом,
Маданият 70862 бөлүмүнө 2215 беренесине +1700,0 миң сом,

Социалдык 71093 бөлүмүнөн 2721 беренесинен - 200,0 миң сом,
Мектептен 70921 бөлүмүнөн 2221 беренесинен - 150,0 миң сом,
Башталгыч мектептен 70923 бөлүмүнөн 2221 беренесинен - 50,0 миң сом,
Субъсидияга 70111 бөлүмүнө 2511 беренесине + 400,0 миң сом

Семетей айыл өкмөтүнүн бюджеттен каржыланган бөлүм жана бөлүмдүн чыгымдоолору каралган каражаттын чегинде жүргүзүлсүн.

**2.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Р.Рыскуловго, аткаруу жагы социалдык экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы З.Шабданбекова милдеттендирилсин

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
МАНАС РАЙОНУ
СЕМЕТЕЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ
КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

**Семетей айыл аймагынын айылдык кенешинин 1-чакырылышынын 5-кезектеги сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №37**

**18-август 2026-жыл** **Семетей а.**

**“Ардактуу атуул” наамын ыйгаруу жөнүндө**

Манас районунун прокурору С.Акылбек уулу, Манас райондук электр тармактар ишканасынын жетекчиси К.Койбаков, Манас райондук суу чарба башкармалыгынын жетекчиси А.Таалайбек уулу, Манас райондук ӨКБнүн өрт өчүрүүчү-автоунаа айдоочусу К.Султанкуловго Семетей айыл аймагынын ардактуу атуулу наамын ыйгаруу боюнча сунуштарды угуп, талкуулап айылдык кеңеш **токтом кылат:**

**1.** Манас районунун прокурору С.Акылбек уулу, Манас райондук электр тармактар ишканасынын жетекчиси К.Койбаков, Манас райондук суу чарба башкармалыгынын жетекчиси А.Таалайбек уулу, Манас райондук ӨКБнүн өрт өчүрүүчү-автоунаа айдоочусу К.Султанкуловдун көп жылдык эмгектери үчүн Семетей айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” наамы ыйгарылсын.

**2.** Социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы З.Шабданбекова “Ардактуу атуул” жазуу лентасы, төш белгиси жана күбөлүгүн даярдоо жагы милдеттендирилсин.

**3.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Р.Рыскуловго тапшырылсын.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
МАНАС РАЙОНУ
СЕМЕТЕЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ
КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Семетей айыл аймагынын айылдык кенешинин 1-чакырылышынын 5-кезектеги сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №38**

**18-август 2026-жыл** **Семетей а.**

**Ардактуу атуул наамын ыйгаруу жөнүндө**

Семетей айыл аймагына көп жылдык үзүрлүү эмгектери үчүн Семетей айыл аймагынын ардактуу атуулу наамын ыйгаруу боюнча сунуштарды угуп, талкуулап айылдык кеңеш **токтом кылат:**

**1.** Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Рыскулов, Ч.Акчалов атындагы толук эмес орто мектебинин директору С.Абдыкадырова, Кайынды орто мектебинин директору А.Субанбекова, Кара-Арча айылынын айыл башчысы К.Суюмбаев, Бала-Саруу айылынын тургуну М.Молдобаев, баатыр эне А.Алтымышбаева, А.Усөнбаев орто мектебинин директору Ж.Джаманкараеванын көп жылдык үзүрлүү эмгектерин жана аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кошкон салымдары үчүн Семетей айыл аймагынын “Ардактуу атуулу” наамы ыйгарылсын.

**2.** Социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы З.Шабданбекова “Ардактуу атуул” жазуу лентасы, төш белгиси жана күбөлүгүн даярдоо жагы милдеттендирилсин.

**3.** Токтомдун аткарылышын көзөмолдөө жагы Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Р.Рыскуловго тапшырылсын.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>МАНАС РАЙОНУ<br>СЕМЕТЕЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ<br>КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Семетей айыл аймагынын айылдык кенешинин 1-чакырылышынын 5-кезектеги сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №39**

**18-август 2026-жыл** **Семетей а.**

**Участкалык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлерди сунуштоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндөгү” Мыйзамынын 5-главасынын 19-беренесине, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2019-жылдын 6-ноябрындагы №176 токтому менен бекитилген “Шайлоо комиссияларын түзүү, таркатуу жана комиссияларынын резервин түзүү, жүргүзүү тартиби жөнүндө” Жобого, ошондой эле аймактык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлерди көрсөтүү зарылдыгына ылайык, Семетей айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Манас районунун аймактык шайлоо комиссиясынын резервине төмөндөгү талапкерлер сунушталсын (тиркеме тиркелет).

2. Аймактык шайлоо комиссиясынын резервине талапкерлерди көрсөтүүдө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана Борбордук шайлоо комиссиясыны тиешелүү ченемдик укуктук актылары жетекчиликке алынсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

## Качественный состав кандидатур, представленных представительными органами МСУ в состав и резерв Манасской ТИК

| № | Ф.И.О. | Число, месяц, год рождения | Образова-ние | Национ. | Пол | Место работы, занимаемая должность | Опыт работы в избирательных комиссиях (месяц, лет) | Кем представлен | Дом. адрес, сот.тел. |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | **Таласская область** | | | |
| | | | | | | **Манасская ТИК** | | | |
| 1 | Арстанбек кызы Кенжекан | 19.03.1991 | Среднее | кыргыз | жен | Методист Отдел образования Манасского района | - | от представительных органов МСУ | Таласская обл., Манасский р., с.Арал ,ул Сабыр №1 тел:0706812323 |
| 2 | Айылов Эсентур Айылович | 13.07.1994 | Среднее | кыргыз | муж | Учитель СШ Жийде | - | от представительных органов МСУ | Таласская обл., Манасский р., с.Семетей ,ул. Сыдыков №12 тел:0503155500 |
| 3 | Тиваидиева Нурзаада Ниязаевна | 23.06.1974 | Высшее | кыргыз | жен | Кыргыз почта ААК Бухгалтер,экономист | - | от представительных органов МСУ | Таласская обл., Манасский р., с.Семетей ,ул.Капиев №1, тел:0508805980 |
| 4 | Бекенова Гулира Барлыбековна | 30.01.1971 | высшее | кыргыз | жен | Таласская обл. представитель АРИС | 20 | от представительных органов МСУ | Таласская обл., Манасский р., с.Кызыл Жылдыз ,ул.Абдыкадаева дом2,кв4, тел:0707 321563 |

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
МАНАС РАЙОНУ
СЕМЕТЕЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН АЙЫЛНЫЙ
КЕҢЕШ СЕМЕТЕЙСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Семетей айыл аймагынын айылдык кенешинин 1-чакырылышынын 5-кезектеги сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №40**

**18-август 2026-жыл** **Семетей а.**

**“Жер аянтын муниципиалдык менчике алуу жөнүндө”**

Семетей айыл өкмөтүнүн кайрылуусун карап Семетей айыл аймагына караштуу Арал айылынын Достук көчөсүндөгү каттоодон **6-03-01-1001-0083** коду менен катталган **1475,0** кв.м жер аянтын,жер кодексинин 109-ст.“Жерлердин санын жана сапатын эсепке алуу” 2.п. «Эсептик маалыматтар жер участоктору жана жерлер, калк жашаган пункттар, айылдык округдар, райондор,областтар жана жалпы республика боюнча түзүү» тууралуу мыйзамынын жер участогун муниципиалдык менчике алуу жөнүндөгү көрсөтмөсүн карап Кыргыз Республикасынын жер кодексинин 21-беренесинин ”Жер мамилелерин жөнгө салуу чөйрөсүндө жергиликтүү кеңештердин компетенциясына” ылайык Семетей айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

**1.** Семетей айыл аймагына караштуу Арал айылынын Достук көчөсүндөгү каттоодон **6-03-01-1001-0083** коду менен катталган 1475,0 кв.м жер аянтын Семетей айыл өкмөтүнүн муниципиалдык менчигине алынсын.

**2.**Жогорудагы жердин максатуу пайдаланылышын көзөмөлдөө жагы Семетей айыл өкмөтүнө тапшырылсын.

**3.** Токтомдун көзөмөлдөө жагы Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Р.Рыскуловго тапшырылсын.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**